2022-жылдын 24-июну
№ 43 (24624)

Ийгиликтерди жараткан чейрек кылым

# “Ала-Тоо” эл аралык университетине 25 жыл

**“Ала-Тоо” Эл аралык университети – Борбор Азиядагы алдыңкы эл аралык университеттердин бири. Анда дүйнөнүн 37 өлкөсүнөн 2 500дөн ашык студент билим алат. Бүгүнкү күндө Кыргызстан жана Борбор Азияда үч тилде – англис, орус жана кыргыз тилдеринде билим берген жалгыз жогорку окуу жай.**



**Даярдаган: Вера БЕДЕЛБЕК, “Кыргыз Туусу”**

Акыркы чейрек кылымда АЭУ өнүгүүнүн көп этабын басып өттү: студенттердин контингентин көбөйтүү, жаңы академиялык программаларды ачуу, кампусту кеңейтүү, ошондой эле аталышын, түзүмүн жана өнүгүү стратегиясын өзгөрттү, мунун аркасында Кыргызстандын билим берүү жана агартуу ишмердүүлүгү менен тыгыз байланыштуу болгон илимий мекеменин ордун бекемдеди.

Туура 25 жыл мурда өлкөнүн эң маанилүү жеке менчик окуу жайларынын биринин тарыхы башталган. Кыргызстан көз карандысыздыкка ээ болгон учурдан – 1991-жылдын 31-августунан тартып Кыргызстан Өкмөтү тарабынан Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүндө тез өзгөртүү жана модернизациялоо жүзөгө ашырылган. Бишкекте АЭУ анык эл аралык деңгээлдеги университетти түзүү борбор калаанын өнүгүшүнүн гана эмес, биздин өлкөбүздүн илим-билим берүү дараметинин ийгиликтүү өзгөрүшүнө маанилүү түрткүлөрдүн бири болуп калды.

1996-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан “Сапат” Эл аралык билим берүү мекемеси менен биргеликте “Ала-Тоо” Эл аралык университети – эл аралык деңгээлдеги Борбор Азиянын алгачкы коммерциялык эмес изилдөө университети катары түзүлгөн.

**Ишмердүүлүгүнүн башынан тартып АЭУ англис тилинде окутуу менен эл аралык билим берүү моделин тандаган.**

***Университеттин алгачкы академиялык программалары “Компьютердик инженерия” жана “Англис тили адабияты” болгон. 1998-жылы дагы эки адистик ачылган: “Менеджмент” жана “Эл аралык мамилелер”.*** Барган сайын эл аралык айдыңда университет тааныла баштаган соң АЭУ дагы көптөгөн программалары менен студенттерге өз эшигин ачкан.

**2003-жылы университетте үч факультет түзүлгөн:**

1. “Экономикалык-гуманитардык факультет”, “Эл аралык мамилелер”, “Менеджмент”, “Дүйнөлүк экономика”, “Финансы жана кредит”.
2. “Жаңы технологиялар факультети” төмөндөгү программаларды камтыйт: “Компьютердик инженерия”, “Инженердик иштеги менеджмент” жана “Электроника”.
3. “Социалдык жана гуманитардык илимдер факультети” түркология, англис тили жана адабияты, синхрондук котормо, кытай тили жана адабияты.

**2016-17-окуу жылынын башталышында АЭУ төртүнчү факультетти – “Медицина факультетин ачкан”.**

Бүгүнкү күндө ал университеттин ири эл аралык факультеттеринин бири катары, жыл сайын бүтүндөй Борбор Азиядан жана дүйнө жүзүнөн эң мыкты жана таланттуу студенттерди өзүнө тартып жатат.

Жогорку билим берүү жаатында жигердүү иш жүргүзгөн 25 жыл ичинде “Ала-Тоо” университети гүлдөп өсүп жана активдүү өнүгүп, ***“Журналистика”, “Психология”, “Юриспруденция”, “Прикладдык математика” жана “Информатика” сыяктуу жаңы программаларды киргизди.*** 2013-жылы АЭУ IT and Business College, андан кийин аралыктан окутуу борбору, магистратура жана аспирантура ачылган, бул – университеттин жаңы өсүшү жана өнүгүшүнө багытталган перспективаларды кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берди.






**Бүгүнкө күндө АЭУ төрт академиялык факультеттен, үч институттан, бакалавр багыты боюнча 15 академиялык программадан, магистратура багыты боюнча 7 академиялык программадан жана аспирантура (докторантура) багыты боюнча 7 программадан турат.**

**Факультеттер:** “Инженерия жана информатика факультети”, “Гуманитардык илимдер факультети”, “Экономика жана башкаруу факультети”, “Медицина факультети”.

**15 академиялык программа:** “Информатика”, “Электроника жана Наноэлектроника”, “Прикладдык математика жана информатика”, “Өнөр жайлык программалоо”, “Лингвистика” (Котормо жана котормо таануу), “Филология” (англис тили жана адабияты), “Лингвистика (кытай тили)”, “Психология”, “Педагогика”, “Журналистика”, “Экономика”, “Эл аралык мамилелер”, “Менеджмент”, “Эл аралык укук”, “Жалпы медицина (Педиатрия)”.






**7 магистратура программасы:** “Информатика жана эсептөөчү техника”, “Филология” (Түркология), “Менеджмент”, “Педагогика”, “Экономика”, “Лингвистика” (Англис тили), Эл аралык мамилелер.

**7 аспирантура программасы:** “Түрк тилдери”, “Экономикалык теория”, “Экономика жана эл чарбасын башкаруу”, “Салыштырмалуу тарыхый, типологиялык жана салыштырмалуу тил таануу”, “Жалпы педагогика, педагогика, педагогика тарыхы жана билим берүү”, “Социалдык философия”, “Маданият тарыхы жана теориясы”.

## Окуу жайдын миссиясы

“Ала-Тоо” Эл аралык университетинин миссиясы жакшы ишке – студенттерге билим берүү жана алар өз ишинин анык кесипкөйлөрү жана Кыргызстанда, Борбор Азияда жана дүйнөдө өз коомчулугунун лидерлери болушу үчүн алардын дараметин күчөтүүнү берилгендик менен аткарууга кызмат кылуу болуп саналат.

“Ала-Тоо” эл аралык университети студенттерге сын көз караш менен ой жүгүртүү, инновациялуулук жана академиялык терең ой жүгүртүү принциптерине негизделген.

Жогорку сапаттагы көп профилдик билим берет. АЭУнун студенттери Кыргызстандын, Борбор Азиянын жана дүйнөлүк коомчулуктун толук укуктуу жана жоопкерчиликтүү жарандары болушу үчүн биз жалпы адамзаттык баалуулуктарды жана жогорку этикалык стандарттарды өнүктүрөбүз.

**“Ала-Тоо” Эл аралык университетинен билим алган студенттер үчүн эки дипломго ээ болуу – АЭУ дипломуна жана төрт эл аралык ЖОЖдун биринен берилген эл аралык аккредитациясы бар эл аралык үлгүдөгү диплом менен аяктоо мүмкүнчүлүгү бар.**

***Hof University of Applied Sciences (Германия) SolBridge International School of Business (Түштүк Корея) Inha University (Түштүк Корея) North American University (АКШ)***

Эл аралык аккредитацияга ээ болгон кош эл аралык диплом системасынын аркасында бүгүнкү күндө АЭУ бүтүрүүчүлөрү дүйнөнүн алдыңкы компанияларында жана уюмдарында: АКШ, Улуу Британия, Австралия, Германия, Польша, Чехия, Нидерландия, Россия, Афганистан, Египет, Индия, Бириккен Араб Эмираттары, Венгрия, Канада, Казакстан, Пакистан жана башка көптөгөн өлкөлөрдө иштешет.

АЭУ чейрек кылымдык тарыхында Кыргызстандын, Борбор Азиянын жана дүйнөнүн гүлдөп өнүгүшү үчүн жигердүү эмгектенген 4 500дөн ашык ийгиликтүү кесипкөй адистерди даярдады. Аталган окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү Facebook, General Electric, Verizon, Accenture, GenPact, Baylor Genetics, Verizon, New York University in Abu Dhabi, Booking.com, Демир Кыргыз Интернэшнл Банк, БУУ, ОБСЕ, DAI Europe, Оптима Банк Кыргызстан, EPAM Systems,O! мобилдик оператору жана башка белгилүү уюмдарда эмгектенип келишет.